Алоолонуп күйгөн жалынча,
Кучагымды жайдым барынча.
Күн сыяктуу күтүп турам өзүңдү,
Кетпейм сага жолукмайынча.
Колдоруңдан алып сыйкыр
жылуулук
Кетпейм, кетпейм сага жолукмайынча.

Жыл күткөнүм жыл деп сезбестен,
Күтчү жерде турам кетпестен.
Сөзүң угуу майрамдардын
майрамы
Жаны бирге жаркын жан эркем.
Келечекте эртеңкиси табышмак,

Бул өмүрдүн бүтпөс керемети сен.
Мейли жамгыр суудай
төгүлсө
Мейли бороон согуп теминсе.
Көздөрүңдөн укмуш, укмуш күү угуп,
Кетпейм, кетпейм көрүшмөйүнчө.
Көздөрүңдөн көрүп, көрүп өзүмдү,
Кетпейм сени менен көрүшмөйүнчө.
Көздөрүңдөн көрүп, көрүп өзүмдү,
Кетпейм сени менен көрүшмөйүнчө.
Кетпейм сүйүү сырын, бөлүшмөйүнчө